**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_______

Бишкек ш.
г.Бишкек

**Кыргыз Республикасындагы менчигинин түрүнө карабастан бардык түрдөгү жалпы билим берүү уюмдарынын 5-6-класстарынын окуучуларына кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрүү жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын, “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик тил жана тил саясаты маселелери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 18.01.2023-жылдагы № 864-VII токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 28.02.2024-жылдагы № 1909-VII токтомун ишке ашыруу максатында **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасындагы менчигинин түрүнө карабастан бардык түрдөгү жалпы билим берүү уюмдарынын 5-6-класстарынын окуучуларына кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрүү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаменти, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, бардык шаардык/райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери аталган жобонун негизинде жалпы билим берүү уюмдарынын 5-6-класстарынын окуучуларына кыргыз тили боюнча класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрсүн.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Н.С. Джусупбековага жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Макулдашылды:

| | |
|---|---|
| Министрдин орун басары | Н.С. Джусупбекова |
| ММТКББ башчысы | Б.С. Козуев |
| УКБ башчысы | Б.А. Ибрагимов |
| МТӨС башчысы | А.Ж. Мамытов |

МТӨС, 663898